DOI:10.26104/NNTIK.2022.63.63.068

Тынымсейитова А.Т.

КЕҢЕШБЕК АСАНАЛИЕВДИН «МАНАС» ЭПОСУНА БОЛГОН МАМИЛЕСИ

Тынымсейитова А.Т.

ПОДХОД КЕНЕШБЕК АСАНАЛИЕВА К ЭПОСУ «МАНАС»

A. Tynymseyitova

KENESHBEK ASANALIEV`S APPROACH TO THE EPIK «MANAS»

УДК: 821. 512. 154

Макалада белгилүү сынчы К. Асаналиевдин «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөрү кандай болгондугу талданат. Сынчы эпостун кайсы тармагын талдоого алгандыгы, изилдөө багыты кандай жүргөндүгү, кайсы темада сөз козгогондугу каралып келип, манастаануучу катары кандай ийгиликтерге жетише алгандыгы, сындоо позициясы кандай болгондугу анализге алынат. Сынчынын айтуучу деген феноменди чечмелеп, илимий анализдин жыйынтыгында ачып бергендиги кеңири талданып, башка изилдөөчүлөрдөн болгон айырмачылыгы да көрсөтүлөт. «Манас» эпосунун эл оозунан жыйналышынан тарта совет доорунда кандай тагдырды башынан өткөргөндүгү тууралуу Асаналиевдин жеке көз карашынан тууралыгы илимий анализдин жардамында чечмелеп берүү аракет жасалат. Эпос боюнча изилдөө жүргүзүүдө Асаналиевдин полемикага да чыгышы, «академиялык басылыш» деген ат менен жарык көргөн басылманын кемчиликтерин ачып көрсөткөндүгү, «академиялык» деген атта жарык көрө турган басылыш кандай болору тууралуу илимий өңүттөн берген аныктамасынын негиздүүлүгүн талдап берүү менен, сынчы манастаануучулардын катарында тура аларлык ийгиликке жетишкендиги изилдөөгө алынат.

Негизги сөздөр: *айтуучу, академиялык басылыш, идея, тема, принцип, эпос, чыгармачылык ишмердүүлүк.*

В статье представлен анализ известного критика К.Асаналиева по исследования эпоса «Манас». Анализируется, какие области эпоса анализировал критик, как продвигался курс исследования, какие темы затрагивал, какие успехи он смог достичь как манасовед, какова была его критическая позиция. Анализируется, как критик интерпретирует феномен рассказчика и раскрывает его в результате научного анализа, а также выявляется его отличие от других исследователей. С личной точки зрения Асаналиева о судьбе, постигшей его в советское время, с публичных собраний эпоса» Манас» делается попытка расшифровать с помощью научного анализа. При проведении исследования по эпосу исследуется также появление Асаналиева в полемике, выявление недостатков издания под названием «академическое издание», его успешность в качестве критика, анализируя обоснованность научного определения о том, каким будет издание под названием «академическое».

Ключевые слова: *рассказчик, академическое издание, идея, тема, принцип, эпос, творческая деятельность.*

The article presents an analysis of the famous critic K. Asanalieva on the study of the epic "Manas". It analyses which areas of the epic the critic analysed, how the course of research progressed, what topics he touched on, what successes he was able to achieve as a Manas scholar, what was his critical position. The article analyses how the critic interprets the phenomenon of the narrator and reveals it as a result of scientific analysis, and also reveals its difference from other researchers. From Asanaliev's personal point of view, an attempt is being made to decipher the fate that befell him in Soviet times from the public collections of the epic "Manas" with the help of scientific analysis. When conducting research on the epic, the appearance of Asanaliev in the polemic, the identification of the shortcomings of the publication called "academic edition", his success as a critic is also investigated analysing the validity of the scientific definition of what the publication called "academic" will be.

Key words: *narrator, academic, publication, idea, theme, principle, epic, creative activity.*

Кеңешбек Асаналиев адабияттаануучу, адабий сынчы болгон, бирок фольклорист катары да изилдөөгө алган темалары өтө көп болуптур. Эч ким К. Асаналиев – манастаануучу деп айтпайт, бирок, «Манас» эпосу тууралуу көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзгөн экен. Мисалы, «Манас» эпосунун бириктирилген варианты тууралуу, эпостун Академиялык басылышы тууралуу, С. Каралаев тууралуу, айтуучулук өнөр тууралуу ж.б. илимий эмгектери болгон. Бул өңүттөн Б.М. Юнусалиев тилчи окумуштуу болуп туруп, манастаануучу катары абдан зор эмгек сиңиргени сыяктуу Асаналиев да манастаануу илиминин өнүгүшүнө жеке салымын кошо алыптыр. Бир караганда бул айтканыбыз сынчыны көтөрө чаап жаткандай туюлушу мүмкүн. А чындыгында, К.Асаналиевдин чыгармачылык ишмердүүлүгү тууралуу сөз жүргөндө, илимий ишмердүүлүгүнүн бул бутасын унутпашыбыз керек.

К. Асаналиев чыгармачылыкка киришкен алгачкы жылдарынан тарта «Манас» эпосу тууралуу талкууларга, конференцияларга, ал гана эмес «Бириктирилген варианттын» чыгышына катышса, бара-бара эпос тууралуу изилдөө жүргүзө, эпостун жарык көрүшү, академиялык басылыш сыяктуу чоң-чоң маселелер жөнүндө адабиятчылык, сынчылык пикирлерин билдирип, өмүрүнүн аягына изилдөөсүн токтоткон эмес. Жыйынтыгында көптөгөн эмгектерди калтырып кете алган, чыгармачылыгынын мына ушундай өңүтүнө жараша К. Асаналиевдин «Манас» эпосу боюнча изилдөөсү төмөндөгүдөй жол менен кеткен деп айтсак болот:

1. Айтуучулук, манасчылык өнөр тууралуу иликтөө жүргүзүшү;
2. «Манас» эпосунун «эпикалык доору» тууралуу илимий көз-карашы;
3. «Манас» эпосунун советтик доордогу тагдыры, тактап айтканда, «китептик доорунун» алгылыгы жана мүчүлүштүктөрү;

4. Бир канча алдыңкы инсандарыбыздын «Манас» эпосун эл оозунан жыйнатабыз, басып чыгарабыз, башка тилдерге котортобуз деген асыл идеяларынын ишке ашпай калышынын себеп-жүйөлөрүн изилдөөгө алышы;

5. «Бириктирилген варианттын» тарыхы, андагы өйдө-ылдыйлыктар;

6. Эпостун «Академиялык басылышына» карата адабиятчы-сынчылык көз-карашы.

Анда, К. Асаналиев жана «Манас» эпосунун карым-катышы тууралуу жеке пикирибизди айта кетели. Адегенде эле залкар сынчынын айтуучулук өнөр тууралуу изилдөөсүнө көңүл бурсак. Айтуучулук өнөр тууралуу «Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү» (Р.З. Кыдырбаева менен авторлош. - Б., 2004.) аттуу филология адистиги боюнча атайын сөздүгүндө «Айтуучу (Сказитель) (42-55-беттер) деген чакан билдирмесинде айтуучу деген терминдин келип чыгышынан тартып, айтуучулук өнөрдүн тарыхы, айтуучу деген ким, эмне үчүн айтуучу деп өзүнчө аташат, айтуучу, аткаруучу, жаратуучу - деген кимдер экендиги, кыргыз айтуучулук өнөрү ж.б. ушул кезге чейин так аныктамасын бере албай келаткан суроолорго жооп берген. Тактап айтканда, айтуучу, айтуучулук өнөр жөнүндө билгибиз келсе дал ушул эмгекти эле карасак жетиштүү болчудай. Анын берген аныктамасын карап көрөлү: «Ал эми айтуучу болсо, өздүк чыгармага ээ эмес, оригинал жөнүндөгү ой анын аң-сезиминде болбойт, ал тек гана өзүнүн мурдагылардан үйрөнгөнүн кайталайт, бирок ал реципиент эмес. ал эч качан билгенин сөзмө – сөз кайталабйт, укканын бүтүндөй бойдон жаттап кала албайт, антүү анын максатына да кирбейт, Айтуучу, эгерде жөнөкөйлөштүрүп мүнөздөсөк, өзү угуп билгенинин негизинде «өзүнүн вариантын» жаратат. Жаратып жаткан «вариантка» өзүнүн кандайдыр бир даражада тиешеси бар экени, ага кандайдыр бир деңгээлде кошкон «автордук» энчиси, үлүшү бар экени жөнүндө ал эч качан ойлонбойт, айтуучу өзүн тек гана атадан калган мурасты улантып жаткан муундун бир өкүлү катарында сезет» [2, 47-б.] - деп берген аныктаманына окуган адам айтуучулук өнөр деген эмне экенин түшүнүп ала алат. Айтуучулук өнөрдүн табитин жакшы чечмелеп берген жеринде азыркы мезгилдеги айтуучу деген ким деген суроого да жооп берип кеткен. Анын пикири боюнча жазма адабият пайда болгондон кийинки мезгилде айтуучу деген баштагы абалынан таптакыр өзгөрүп кетерин да белгилеп көрсөткөн. Мындай мезгилге келген учурда айтуучу деген өзүнүн баштапкы касиет-сапатын жоготорун белгилүү фольклорист А.Б. Лорддун «традициялуу текстти кайрадан жаратуучу эмес, аны жөн эле кайталаган «айтуучулардын» муундары пайда болот» - деген сөзү менен бекемдеген.

Чындыгында, Асаналиевдин ушул чакан билдирүүсү айтуучулук өнөр тууралуу кең-кесири изилдөө жүргүзгөн иштерден да алдыда турат деп айтсак аша чапкан болбойбуз.

Кыргыз элинин чыккан мыкты инсандар, дегеле кыргыз эли бүтүн бойдон «Манас» эпосунун тагдырына күйүп-бышуу менен мамиле кылган сыяктуу эпос Асаналиевдин чыгармачылыгында өзгөчө орунда турган: «Манас» эпосунун кыйчалыш-кысталыш тагдырына аздыр-көптүр, кээде түздөн-түз, кээде кыйыр жолдорунда жүрүп отуруп» - деп айтканындай, жеке тагдырына да, ишине да түз да, кыйыр да таасирин тийгизиптир. Мына ушундайча улуу эпосубуздун тагдырына аралаша алган улуу инсан - «Манас» эпосун тарыхый чыгарма катарында эсептебестен, эпостун келип чыгыш доорун, же тарыхыйлыгын издеп убара болбоптур, анын ордуна «Манас» эпосу кыргыз эли үчүн, дегеле дүйнөлүк казына үчүн кандай мурас экендигин: «Манас» эпосу, баарынан мурда, оозеки поэзиянын байыркы эстелиги, Манас, баарынан мурда, көркөм сөздүн кудурет – касиети менен жаралган адабий персонаж, далай кысымдарды камтыган кыргыз элинин мүдөөсүн, ой-тилегин, үмүтүн, жашоо-идеалын өз турпатына сыйдырып, жалпылаштырган, синтездеген көркөм образ. Кыргыз эпосу дал ушул нарк сапаты менен дүйнөлүк улуу эпостордун катарында турат. Эгерде биз «Манас» эпосу менен дүйнөлүк деңгээлге чыккыбыз келсе, бир гана жол менен, эпос – бул элдин генийинен жаралган улуу оозеки көркөм чыгарма экенин ар түрдүү тарабынан (философиялык, тарыхый-этнографиялык, фольклордук, филологиялык, поэтикалык ж.б.) изилдеп, далилдөө жолу менен гана жетише алабыз» [1, 202-б.] - деп далилдеп көрсөткөн.

Жогоруда белгилеп көрсөткөнүбүздөй, К. Асаналиев «Манас» эпосунун тагдырына, тарыхына кантип аралашып калганы тууралуу «Адабий айкаш» аттуу мемуардык чыгармасында кең-кесири сөз кылган. Мемуарынын бир канча бөлүмүндө эпос тууралуу сөз козгосо, төртүнчү, бешинчи бөлүмдөрү бүт бойдон эпос тууралуу деп айтсак деле болот. Мисалы, төртүнчү бөлүмүндө эпостун Академиялык басылышы тууралуу сөз кылса бешинчи бөлүмүн: «Манас» эпосу: окуялар, саясий кырдаалдар, тагдырлар» деп атап, эпостун жаралуу тарыхынан тарта, басылып чыгуу, бириктирилген варианттын жаралышы, совет бийлиги мезгилиндеги саясий кырдаалга кептелиши ж.б. маселелер тууралуу кеңири кеп кылган. К.Асаналиевдин айтканына көңүл бура турган болсок, эпосту дүйнөгө биринчи жолу алып чыккан окумуштуу академик В.В. Радлов болуптур.

Албетте, В.В. Радлов «Манас» эпосун дүйнөгө ачкан окумуштуу, же Асаналиевдин сөзү менен айтканда: «…Кыргыз эпосу үчүн, бул сөзсүз тагдыр, тагдыр болгондо да, ушундай гана улуу көркөм оозеки чыгарма дал өз учурунда, мурда да эмес, кийин да эмес, дал жетилип, «гүлдөп» турган маалында В.В.Радлов сыяктуу чыгыш таануучу окумуштууга

эксклюзивдүү кездешмек» [1, 205-б.] аны кандай укса, дал ошондой жазып калтырганы, бул сөзсүз тагдыр. Улуу окумуштуу, Академик эпосту «айтуучунда» өзү кагазга түшүрүп алганын жана анын илимий доорун баштаганын сынчы эпостун «эпикалык доору» деп атаган. Ант-кени, В.В. Радлов «айтуучу» («певец») жаңыдан айткан ар бир эпизод, сюжеттик мотив, бул эпостун жаңы варианты болуп эсептелет – деп жыйынтык чыгарган. Айтуучу бир айтканын, экинчи дал өзүндөй кылып айта албайт жана жаттап да айтпайт. Эгерде ушул жыйынтык ойго таяна турган болсок, анда азыркы «айтуучулар» тууралуу эмне деп айтмакчыбыз деген суроону айла жоктон өзүнө бересиң?

Жогоруда айтып кеткенибиздей, К. Асаналиев «Манас» эпосунун «эпикалык дооруна» катыша албаса да, «китептик дооруна» түздөн-түз катышкан инсан. Ал эпостун 1953-жылдагы конференциясына катышып, ал конференциянын кандай болгондугуна өз көзү менен күбө болуп, «бириктирилген варианттын» жарык көрүшүнө жардамдашып, эпостун советтик идеологиянын кысымына кандай калгандыгын илимий өңүттөн изилдеп, жеке пикирин билдирген инсан болгон. Ал гана эмес эпостун жарык көрүшүнө кам көргөн К.Тыныстанов, Е.Д. Поливанов, К.К. Юдахин, Б.М. Юнусалиев, Т. Байжиев, З. Бектенов, Т.Саманчиндер тууралуу изилдөө жүргүзүп, жеке көз карашын билдире алган.

«Манас» эпосунун катал бир учуру» «А.К. Боровков – М.О. Ауэзов. П.И. Балтин – Б.М. Юнусалиев» деген аталыштагы бөлүмүндө эпос боюнча Бүткүл союздук конференция эмне максатта уюштурулгандыгынан тарта, кандай өткөндүгү, кармаштын негизги максаты, кимдер сүйлөгөнү, жыйынтык кандай болгондугу жана эң башкысы таразанын ташынан оң жакка оошуна кимдер зор жардам бергендигин толук айтып берген. Главанын аталышынан эле белгилүү болгондой, атайын окулган докладдардын түпкү максаты чечмеленип берилген. Эпос боюнча атайын конференция уюшулуп жатканда негизги докладчылар манастаануучулар эмес (эпосту изилдөөчүлөрдөн жалгыз гана Ө.Жакишев болгон) профессор Ленинграддан келген тарыхчы – профессор А.Ю. Якубовский, Ташкенттен келген көп улуттуу совет адабияты боюнча адис, профессор Л.И. Климович, Ленинграддын Чыгыштаануу институтунда иштеген тилчи – профессор А.К. Боровковдор жана Кыргызстан жазуучулар союзунан Ө. Жакишев негизги докладчылар болгондугу. Кошумча докладчылар: профессор М.О. Ауэзов, Жунусов, Богданова, Валитова, Маликов, Мозольков, Баялинов, Будянскийлер болгондугун айтып келип, негизги докладды окуу үчүн союздун бардык жагынан окумуштуулар чакырылгандыгын, албетте алар белгилүү окумуштуулар экендиги, бирок эпос боюнча адис болушпагандыгын таңкалуу менен айтып, бирок, мындай болуунун себебин да ачып көрсөткөн. Конференциянын максаты – эпостун жалпы теориялык-методологиялык проблемасын эмес, эпос элдикпи, же элдик эмеспи – деген бир гана маселе коюлганынын себебин айткан.

«Эпос элдикпи – элдик эмеспи. Маселенин маңызы дал ушундай. Мына ушул аспектиден алып караганда эпостун текстин оригиналдан окубай туруп (окуганына менин көзүм жетпейт), конкреттүү улуттук эпостун конкреттүү улуттук проблемасына «сүңгүп кирүү» мүмкүнчүлүгү ачыларына мен ишене бербейм.

Ошентип оригиналды окуган жалгыз Ө.Жакишев экен. Чынын айтканда ал деле «Манас» эпосуна «ат үстүнөн», тагыраак айтканда, Министрлер Советинин алдындагы искусство башкармалыгынын комфорттуу абалынан мамиле жасап, накта фольклористтик адистиктин инструментарийин тиешелүү даражада өздөштүрүүгө үлгүрө албай кетти. Көрсө, накта филолог болуп жаралган кыргыз окумуштуулары-нын тагдыры «өтө ачуу» экен, муун артынан муун каардуу репрессияга учурап, алардын аралыгындагы илимий-тарыхый континуум зордук менен үзүлүп жатыптыр» [1, 218-б.] - деп айтканы эпосту чыгарабыз, жайылтабыз ж.б. иш башташкан инсандардын дээрлик бардыгы совет доорунда кыйынчылыкка кептелип, жок болуп кеткендиктерин ачып көрсөткөн.

К. Асаналиевдин бул айтканы, бир эле кыргыз окумуштууларынын эпос боюнча иштегендери эле эмес, кыргыз элинин алдыңкы инсандарынын катаал тагдырлары тууралуу билдирүүсүн далилдейт. Сынчы белгилеп көрсөткөндөй кыргыз элинин маданий-тарыхый жактан калыптануусуна зор күч жумшашкан И. Арабаев, Б. Солтоноев, Молдо Кылыч баштаган акындар, кыргыз коомун түптөшкөн К. Тыныстанов, Т. Айтматов, Ж. Абдырахманов баштаган мыкты инсандарыбыз совет доорунда кандай катаал тагдырга кез болгондугун эске алганда «Манас эпосунун да тагдыры кыл учуна кептелип калганын кыйыр билдирген. Жогор жактан келген белгилүү окумуштуулар эпосубуздун жабылып калышына жол ачып жатканда, эпос боюнча жакшы адис, бирок кошумча докладга гана кирип калган М.О. Ауэзов менен Б.М. Юнусалиевдин эпосту сактап калууга кандай күч үрөгөндөрүн жана сактап кала алышкандарын белгилеп көрсөткөн: «Манас» эпосун токтоосуз жарыялоо керек болсо, анда «бириктирилген» («сводный») вариант мүмкүнбү деген экинчи суроосун «күн тартибине» коет. «Манас» текстин тыкыр, туруктуу окуп, дээрлик варианттарды жеткиликтүү билген М.Ауэзов конкреттүү вариантты сунуш этмек эмес, анткени кандай гана вариант болбосун, монистик көз караштын жана саясаттын чен-өлчөмү менен караганда, кандайдыр бир «кынтык» илинбей коймок эмес. Ошондуктан даанышман окумуштуу азырынча көпчүлүккө

түшүнүксүз, бирок сөпсүз келечеги чоң «бириктирилген вариантты» («сводный вариант») авансценага алып чыгып жатат» [1, 232-б.] - деп айткан.

Ошону менен эпос кыйынчылыктан сакталып калып, бириктирилген варианттын чыгышын ага өзү да катышкандыгын, андагы кайым айтышуулар, келишпестиктер, жыйынтык ойлор ж.б. тууралуу кеңири баяндап берген. Бул жерде сынчынын дагы бир мыкты пикири: «Бириктирилген вариант» («сводный вариант») идеясы М. Ауэзовго таандык, аны ишке ашыргандар: академик Б.М. Юнусалиевдин жетекчилиги алдында кыргыз маданияты жана илиминин эң көрүнүктүү ишмерлери К. Маликов, А. Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Ө. Жакишев, К. Жантөшев, А. Салиев ж.б. болгон. Бул уникалдуу чыгармачыл коллектив, «Манас» эпосу үчүн ошол мезгилде да, кийин да эч качан кайталангыс коллектив. Ушул үчүн да «кыскартылып, бириктирилген вариант» деген түшүнүк «Манас» энциклопедиясына орун алышы табийгы иш эле. Тилекке каршы, андай болбоптур» - деп айтканы. Ооба, чындыгында. «бириктирилген вариант» мыкты чыккандыгын азыр эч ким тана албаса керек, экинчиден, мына ушунун энциклопедияда белгиленип көрсөтүлбөй калганы албетте, чоң ката болгон. Бул каталыкты К.Асаналиев мындай белгилеп көрсөткөн: «Тилекке каршы азыркы Манастаануу илиминин айрым өкүлдөрү Б.М. Юнусалиевдин жетекчилиги менен (түзүүчүлөр К.Маликов, А. Токомбаев, Т.Сыдыкбеков) ишке ашырылган эпостун бул вариантын тактап, иликтеп, кайсы манасчыдан кандай эпизод алынган, ал башка эпизодго сюжеттик-көркөмдүк жагынан кантип «бириктирилген», К.Маликов, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков өздөрүнүн кандай саптарды кошуп жиберген, эмне үчүн кошуп жиберишкен, ал туура болгонбу, же элдик оозеки поэзияны фальсификациялообу деген сыяктуу таза илимий фольклористтик суроолорго так, далилдүү жооп берүүнүн ордуна, «калемдин бир шилтеми» менен «жасалма», «кошмо», «курама» деген аныктамалар аркылуу, тарыхый-маданий жагынан да, илимий-методологиялык жагынан да, зор мааниси бар окуяны жокко чыгарууга чейин барып жатышат. Буга ишенүү үчүн, дагы бир жолу кайталоого туура келет, «Манас энциклопедиясындагы» К.К. Юдахинге, Б.М. Юнусалиевге арналган макалаларды карап көрүү жетишерлик» [1].

Дагы бир атайын белгилей кетүүчү нерсе - К.Асаналиев мемуарында азыр кээде талаш-тартышты чакырып турган бир суроого так жооп берип кеткени болгон. Бул – «Манас» эпосун чуулгандуу конференцияда М. Ауэзов сактап калганбы, же Б.Юнусалиев сактап калганбы деген суроого так жооп бергени эле. Сынчы эпостун сакталып калышына Б.М. Юнусалиев кандай күч жумшаганын, коркпой Боровков, Климовичтерге полемикага чыга алгандыгын, идеясы үчүн принцибинен кайтпагандыгы: «Эч кандай гиперболизациясыз айтканда деле Б.М. Юнусалиевдин конференциядагы сөзү, бул окумуштуунун принципиалдуу көз карашы. Позициясы гана эмес, бул ошону менен бирге улуу инсандын социалдык-саясий катаал кырдаалда тайманбай аткарган эрдик иши болчу. Ал өзүндөгү болгон ушул табийгый касиет-сапатты кийинчерээк Молдо Кылычтын, Касым Тыныстановдун тегерегинде болгон айыгышкан күрөштө нечен жолу кайталап демонстрациялаганы белгилүү» - деген сөзүнөн эле эки чоң окумуштуунун эпосту кантип сактап кала алгандыктарын билсек болот.

«Манас» конференциясынын жүрүшүндө бул эки окумуштуунун докладдары эпостун тагдырынын чечилишине бурулуш жасаганын далили ачык көрүнүп турат. Эпостун сакталып калышынын тарыхын айтып бергенден кийин «бириктирилген варианттын» жаралышы жөнүндө так маалыматтарды берген. Албетте, бул манастаануучулар үчүн, эпоско кызыккандар үчүн, кыргыз окумуштуулары үчүн керектүү маалымат болуу менен эле чектелбестен, илимий изилдөөчүлүк иштери үчүн да абдан керектүү боло алат деп ишеничтүү айта алабыз.

К. Асаналиевдин «Манас» эпосу боюнча дагы бир маселени көтөрүп чыккан, мемуарынын «Бир кечкен суунун үч кечип…» деген бөлүмүндө: «Эми кайрадан жогортодо сөз болгон «кыскартылып, бириктирилген вариантка», айрым окумуштуулар «курама» деп кемсинткен вариантка кайрылалы» дегенинде эпостун академиялык басылышы тууралуу сөз кылган, тактап айтканда, азыркы «академиялык басылыштын» каталыгын, кемчилигин илимий анализдин жардамында далилдүү пикирлер менен көрсөтө алган.

Автор адегенде «академиялык басылыш» деген кандай жыйнак, аны чыгаруунун максатын тактап көрсөтүүдө улуу жазуучу Ф.М. Достоевскийдин чыгармаларынын академиялык басылышын мисал келтирип келип, 1995-жылы жарыяланган «Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча» «академиялык басылыштын» биринчи томун ушул эле манасчынын Ч.Айтматовдун редакторлугу менен жарыяланган 1978-жылы жана 1984-жылы «СССР элдеринин эпосу» деген сериядагы басылыштарынын биринчи томдоруна салыштырып келип: «Бул тексттер үчүнчү жолу, 1995-жылы ошол эле Орозбаковдун вариантында кайталанып басылып жатса, анда «академиялык» деген аныктаманын маңыз-мааниси эмнеде?

Эгерде кадыресе басылыш менен «академиялык басылыштын» айырмасы ушундайча механикалык толуктоолор менен түшүндүрүлсө, анда бул кастарлаган академиялык эмгек эмес эле, кадыресе кат-сабаттуу, анча-мынча редакторлук тажрыйбасы бар адамдын колунан келчү кадыресе иш болуп чыгат. А балким гениалдуу кириш сөз, ошондой эле гениалдуу комментарий, түшүндүрмөлөр берилип, ошолордун күчү менен академиялык басылма жаралышы мүмкүндүр.

Тилекке каршы реалдуу турмушта андай болуп чыкпаптыр» [1] - деп, 1995-жылдагы «академиялык басылыштын» катасын таап көрсөткөн.

Сынчы «академиялык басылыш» кандай түзүлөрүн көрсөтүп да берген: Азыркы «академиялык басылыш» С. Орозбаковдон башталып, С. Каралаев менен уланып келип, Тоголок Молдо, Молдобасан, Шапак, Мамбет ж.б. жазылып алынган варианттар «улуудан-кичүүгө» карай жүргөн градациялык принциби боюнча тизмектелип жүрүп отурат дегени «Манас» эпосунун «академиялык басылышы» деген идея андан ары бүт варианттарды жарыкка чыгаруу менен иш жүзүнө ашырыларын айтып берген. Ошондой эле, академиялык басылышты чыгарып жаткандарга: «Академиялык басылыш» кадимки кады-ресе публикацияга салыштырып караганда кандайдыр бир илимий ачылгалары текстке карта жаңыча принциптери менен айырмаланып, өзгөчөлөнүп туруш керек эле. А эгер андай жаңылыгы болбосо, бир эле текстти жаңы кооз мукаба менен ороп, кайталап жарыялай берүүнүн кандай кажети бар?» - деген суроону да берген.

Сынчы бул «академиялык басылышты» абдан тыкыр карап, анан пикирлерин аргументтештирип берген, мисалы, Москвада жарыяланган «Сериянын» 1-томунун тексти 9480 колонка ыр түрмөгүнөн, ал эми «академиялык басылыштын» 1-тому 10930 колонка ыр түрмөгүнөн турарын, экөөнүн көлөм жагынан болгон айырмасы 1500 чамасында ыр сабы түзөрүн, бул ыр саптары мурдагы басылышка кирбей калган үзүндүлөр, фрагменттер, кайталоолор жана саясий көз караштан кирбей калган эпизоддор гана экендиги, мындай толуктоолор «академиялык басылыштын» даражасына эч качан көтөрүлүп чыга албайт, ал бар болгону, ашып кетсе бир гана варианттын толук түрдөгү жарыяланышы гана боло алат - деген жыйынтык оюн билдирген.

Бул «Академиялык басылыштын» кириш сөзүнө да токтолуп, «Манасчы. Катчы. Түпнуска» - деп аталган кириш сөздө Сагымбайдын манасчылыгы жөнүндө, биографиясынан баштап, жеке жашоо турмушуна чейин майдалап баяндап, манасчынын текстин кагазга түшүргөн Мифтаков, Абдрахмановдун катчылык профессиясы туурасында кабар берип келип Сагымбайдын вариантынын түпнускасын жалпы сомосунан гана мүнөздөлгөнү чейин карап, маселенин маңызы «Кириш сөздө» атайы басым коюлуп, кандай сыя менен жазылып, кандай сыя менен оңдолуп, же бурмаланганын тактоодо эмес. Маселенин маңызы түп нусканын турпатын, бүткүл ички табиятын коротпой, сактап беришинде болорун, бул мыйзам-ченемдүүлүктү унутпоонун зарылдыгын белгилеп кеткен. Эмне үчүн кириш сөзгө токтолгонун С. Орозбаковдун вариантынын жаралышынын тарыхый шарттарын эске алуу менен түп нускасындагы ар түрдүү спецификалык өзгөчөлүктөрдүн толук түрдө сакталышы сөзсүз түрдө «академиялык басылыштын» негизин түзгөн принциптерден болушу керектигин, муну түзүүчүлөр эске алышпагандыгын, алар басылышты даярдоодо манасчыдан жазып алган Мифтаков менен Абдрахмановдун түп нускасын эмес, анын кийинки көчүрмөлөрүн негизге алышкандыгын ката деп бөлүп көрсөткөн.

Сынчынын пикири боюнча академиялык басылышты даярдоодо – эң биринчи иретте түпнуска басылышы керек, кадыресе көчүрмөлөрдү кайрадан жарыялануунун кереги жоктугун, анткени, «академиялык басылыш» деген атайы иштелип чыккан илимий программанын принциптеринин негизинде чыгыш керектигин, бул турушунда бул басылыш эч жооп бере албай тургандыгын, мисалы, «Кириш сөздүн» автору болочок академиялык басылышка «колдо болгон варианттарынын ичиндеги илимий кызыкчылык жактан өзгөчө баалуусу деп эсептелген текст» алынат деп айтып, биринчи иретте С. Орозбаков, ага улай С.Каралаев, андан ары Ш.Рысмендеев, Тоголок Молдо, М.Мусулманкулов, М.Чокморов, Б.Сазановдун варианттары кыскача кара сөз түрүндө «жалпы бастырууга» (муну С. Орозбаковдун вариантына деп түшүнүү керек), анан түштүк варианттар тиркеме түрүндө берилерин түшүндүргөнүн улам: «Мындай басылышты кантип академиялык деп аташка болот? Ал кайдан жүрүп «Манас» эпосунун академиялык басылышы болот, эгерде анда «Маджму-ат-Таварих», Радловдун, Валихановдун варианттары, дүйнөлүк илимге белгилүү варианттар, тиешелүү түрдө өз-өз ордун албаса...!» - деген суроону койгон.

Чындыгында, «Академиялык басылыш» эпостогу негизги түйүндүү окуялар болгон: Манастын төрөлүшү, балалык чагы, кан көтөрүлүшү, Жолой, Көкөтөйдүн ашы, Алманбет, чоң казат ж.б. окуяларга атайы көңүл бурулуп, жеке вариантка эмес, жалпы сюжеттик мотивге негизделиш керек. К. Асаналиев белгилеп көрсөткөндөй, «Манастын төрөлүшү» деген эпизод Радловдон баштап, Чокморовго чейин, Сагымбайдан баштап, түштүк варианттарга чейин толук камтылса, «академиялык» деген дефиницияга туура келмек. Мына ушундай болгондо көп тараган сюжеттик мотивдер алдыңкы планга чыгып, кийинки кошумчалар өзүнөн-өзү кийинкиге калып отурмак. Сынчынын бул айтканы «Академиялык басылыш» деген кандай болорун көрсөтүү менен бул «академиялык басылыш» бөлүнүп алынган бир гана манасчынын (улуусунан-төмөн карай) «толук жыйнагына» айланып калгандыгын далилдеп көрсөткөн.

Мына ушундай анализ, далилдеринен кийин төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган: «Корутунду иретинде мындай деп айтсак болот, иргелип алынган «вариант» принциби боюнча ишке ашырылып жаткан азыркы басылыштын титулдук бетинде берилген

«академиялык» деген дефиниция, өз маани-маңызына жооп бербейт, ал жөн эле камуфляж, чүмбөт, чоң сөздүн авторитетине жамынуу, а эгерде орой айтсак, улуу эпостун «дуу-дуусунан» пайдаланып, «бир кечкен сууну үч кечкен» айлакерлик. Текстологиялык жана палеографиялык элементардык эрежелер сакталбагандан кийин (фольклористикалык жаңы илимий басылма принциптердин иштелип чыгышы жөнүндө айтпай эле коёлу) 1995-жылдан берки «Манас» эпосунун басылыштарын жөн гана «Сагымбай Орозбаковдун», «Саякбай Каралаевдин» толук варианттары деп коюшса эле, бул эмгекти жүзөгө ашыргандардын эл алдында, эң болбогондо илим алдында, Улуу сөздүн алдында жүздөрү жарык болмок» [3].

Улуу сынчы «Академиялык басылыш» деген бул басылыш эмне үчүн өзүнүн түпкү мазмуну болгон аныктамага жооп бербей, анчейин гана жекече варианттардын толукталган басылмаларына айланып жаткандыгын: түзүүчүлөр өздөрүнөн мурда иштеген «Манас» эпосун изилдеген улуу окумуштуулардын фундаменталдуу жыйынтыктарын жана теориялык ачылгаларын практикалык иштеринде негизге алышкан эмес. «Манас» эпосун мурда изилдегендердин теориялык жыйынтыктарын практикалык ишине пайдаланса, анда алар басылманын накта академиялык жолуна түшүшмөк – деп, белгилеп көрсөткөн.

Жыйынтыктап айтканда, К. Асаналиев «Манас» эпосу боюнча мына ушундай изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Көрүнүп тургандай, изилдөө принциби ар түрдүү, ар кыл болгон. Эпостун жарык көрүшүнөн тарта, академиялык басылышына чейин жеке көз карашын билдире алган. Албетте, мындай изилдөө улуу эпосубуз үчүн өтө керектүү изилдөө болуп саналат. Сынчы жогоруда белгилеп көрсөтүп кеткенибиздей, улуу эпосубуздун изилдениши, бааланышы ж.б. маселелерди туура позициядан карап баа берген жана калыс баалаган, жеке кызыкчылыкты унутуп салып, улуттук, жалпы элдик, мамлекеттик кызыкчылыктарды алдыңкы орунга коюп, эпостун тегерегиндеги калпыс иштерди ачып көрсөтүп, чындыкты ачып берген. Кыргыз адабиятчы-сынчыларынын билимдүүсү, калысы, чыгааны катары алдыга суурулуп чыгып, артынан жоон топ сынчы-адабиятчыларды ээрчитип, аларды тарбиялап, жеке мектебин түзүп кеткен залкар инсан артына мына ушундай зор изилдөөлөрдү калтырып кеткен.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Адабий айкаш. - Бишкек, 2008.
2. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Бишкек, 2004. - 572 б.
3. Манас. «Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча». «Академиялык басылыш». - Бишкек, 1995.